**№87 орто мектебинин башталгыч класстар боюнча өткөрүлгөн ата-энелер чогулушун протоколу.**

23.09.2019

Бишкек шаары

**Күн тартиби:**

1. 1-11-класстардын 2018-2019-окуу жылындагы билим сапаты жана окуу тарбия процесси
2. 2019-2020-окуу жылына ата-энелер комитетин шайлоо
3. Ар түрдүү маселелер

**Угулду:**

Башталгыч класстарда 2018-2019-окуу жылынын башы менен 1085 окуучу окуп баштады.окуу жылынын этегинде 1075 окуучу аяктады. 298-окуучу баалоо системасына катыша электигине байланыштуу бааланган жок. 777-окуучу баалынып, 2018-2019-окуу жылында башталгыч класстарда билим сапаты 43% түздү. Ал эми акыркы 3 жыл аралыгында билим сапатка көз чаптырсак:

2016-2017-окуу жылында 40%

2017-2018-окуу жылында 41%

2018-2019-окуу жылында 43% берип, билим сапатынын стабилдүү өсүүсүн байкоого болот. Окуу китептери менен камсыздоо 88% түзөт. 1-класстарда математика, адеп, окуу китеби, 2-класстарда математика, орус тили, 3-класстарда математика, 4-класстрада адеп, математика, окуу китептери жетипей келет. 2020-окуу жылына карата аталган окуу китептерине мектеп китепканасы тарабынан буюртма берилди. Жогорудагы окуу китептерди ЛИБ кж Биздин кж электрондук библеотекаларынан таап окууга болот. Башталгыч класстарынын окуучулары математика сабагы боюнча шаардык масштабдагы олимпиадага катышып, 49 окуучу сертификатка ээ болушту. Ошондой эле ийримдерге таратуу жана катыштыруу иш аракетеринин жыйынтыгы төмөнкү көрсөткүчтү берди:

Окуу жылы ичинде 1075 окуучу акысыз ысык тамак менен камсыз болушту. Менталдык арифметика боюнча 1-4-класстын окуучуларынын арасынан 50 окуучу катышып, Чолпон -Ата шаарында июнь айында өткөрүлгөн 5 эл аралык менталдык арифметика боюнча олимпиада 630 окуучунун ичинен

1. Жасымбекова Бегайым
2. Жайлообаева Асема

3. Кенжебекова Айза-супер чемпион наамына ээ болушту. Ал эми былтыркы окуу жылынын эсеби менен комуз ийримине-12 окуучу, бий ийримине -35 окуучу катышып, Турция мамлекетинин Стамбул шаарына 4в-классынын окуучусу Мурзалиев Нуржигит Улуттук аспапта ойноо боюнча сынакка катышып келди.

Окуучулардын билим сапатын терендетүү жана ата-энелер менен биргеликте окутуу максатында 2-а классында ата-энелер “Келгиле окуйбуз” долбоорун улап, ар жума күндөрү жомок окуп беришүүдө. Калган класстын ата-энелерин да биримдикте иш алып барууга чакырам.

Окуучулардын чейрек ичиндеги алган билимдерин аныктоо максатында “көз каранды эмес тестирлөө борбору” ар бир окуучудан 80 сом эсебинде билим сапатын тастыктап берүү сунушун киргизип жатышат.60 сомдун ичинде окуучунун предмети өздөштүрүүсү боюнча маалыматты, ар бир предмет боюнча өздөштүрө албай калган темалары тууралуу маалыматты жана кайсыл предметти канча пайызга өздөштүрө тургандыгы тууралуу маалыматы бар китепче кирет. Эгер ата-энелер көз каранды эмес тестирлөөгө каршы эмес болсо, башталгыч класстарда 4-класстардын кыргыз тили, математика, окуу сабаттулугу предметтеринен билим сапатын аныктап, окуучулардын билим сапаттарын чыгарып турушат.

Биз бүгүн 5-класстарда бөлүп,чогулуш өтүп жатканыбыздын себеби, балдарыныздар мектептин биринчи баскычын аяктап ортонку баскычка өтүштү. 5-класста 14 сабак окутулуп, 14 мугалим сабак берет. Башкача айтканда мурда бир мугалимге көнүп калган балдар ар башка мугалимдерге, жаны чөйрөгө көнүп кетиши бир аз кыйыныраак болот.

**Тарбия маселеси:**

Мектепте башталгыч класстар үчүн биринчи сабак 1 смен сабак 8:00, под смен 11:00, экинчи смен 14:30 да башталат. Ушул белгиленген убакыттан кечигип келген окуучулардын саны көп, жана өздүк карточкасын унутупкалган балдардын саны арбын. Кыш болгонуна байланыштуу окуучулар 2 бут кийимди мектеп ичине алмаштырып керек.

**Психологдун сунушу:**

Окуучулар үйдөн үй тапшырмаларын аткарууда, дене мүчөсүнүн калыптанышында, терс таасирин тийгизе турган формада даярдана тургандыктары жана көркөм адабий, жомок китептер окулбай тургандыктан, көбүрөөк окууга, атайын стол, стулдарга отуруп, үй тапшырманы аткарууну сунуштайт.

СКУД боюнча:Ар бир ай үчүн 20 сомдон чогултулган акча каражаты.

1. Уюлдук телефондорго жиберилүүчү смс кабарлоо акысына. Уюлдук операторуна 3 сом, билайн, мегаком операторлоруна 1,80 тыйындан, ошондой эле смс кабарлоону синтездоо,жеткиликтүү эмес операторлорду аныктоо акысына сарпталат.
2. Автоматтык катоо системасынын отчеттук иштерин жүргүзүүгө, окуучулардын келип, кетүүсүн тактоого, мониторинг чыгарууга, катышуунун рейтингин аныктоо, класс жетекчилердин өздүк кабинеттерин башкарууга, окуучулардын социалдык паспортторун толтуруу жана жаныртуу сыяктуу иш-аракеттерге
3. Бардык маалыматтарды электрондук формада жана онлайн режиминде сактап, ар окуучунун жеке кабинетиндеги маалыматтын толук кандуулугун автоматташтырып көрсөтүп берүү акысына
4. Электрондук журнал, электрондук күндөлүк колдонуу акысына сарпталат.

Ата-эненин сөзү: Байдылдаева Айнура:

Мектептин ишмердүүлүгү биздин балдарыбыздын толук кандуу билим алуусуна толугу менен жооп бере алат деп айта алам. Мугалимдердин балдарга жасаган мамилеси жакшы. Үй тапшырмалардын берилишин жана талапты кое билүүлөрү бизди канаатандырат. Андыктан ишиниздерге ийгилик каалайбыз.

Паизова Айнура 4-в кл ата-эненин сөзү:

Мектеп абдан таза, тыкан. Мугалимдердин билим, тарбия берүүсү бизди канааттандырат. Көз каранды эместестирлөө мага абдан жакты. Балдарыбыздын билимин так билип алат экенбиз.

**Чечим:**

1.5-класстардагы билим сапатын сакталуусуна жана адаптация болуусунда ата-энелер тарабынан психологиялык моралдык жардамдар көрсөтүлсүн

2. 2019-2020-окуу жылына ар бир класста ата-энелер комитеттери, мүчөлөрү кайрадан шайлансын.

3.Окуучуларга тапшырманы туура, так аткарып келүүгө шарт ата-энелер тарабынан түзүлсүн жана милдеттендирилсин.

4. Окуучулардын мектепке келип кетүүсү, саламаттыгы жана санитардык гигиеналык абалы ар бир ата-энеге милдеттендирилсин.

Мектеп директору Исанова Ж.М

Катчы: Кыдыбаева К.А